**«БЕКИТЕМИН»**
**Ош шаардык ҮМБнын директору**
**_______________ Р.М.Мамаев**
**«04» апрель 2025**ж.

**Илимий-изилдөө, илимий-техникалык иштердин натыйжаларын, (же) илимий жана (же) илимий-техникалык иштин натыйжаларын киргизүү актысы**

1. **Киргизүү автору:** Аскарбекова Гүлдесте Аскарбековна
2. **Илимий-изилдөө, илимий-техникалык иштердин натыйжаларын, (же) илимий жана (же) илимий-техникалык иштин аталышы:** Кыргыз Республикасында жалпы дарыгерлер (үй-бүлөлүк) практикасын өркүндөтүүдөгү, уюштуруудагы медициналык жана социалдык көйгөйлөр (Ош облусунун мисалында).
3. **Кыскача аннотация:** Ош облусунун аймагындагы баштапкы медициналык-санитардык жардам мекемелеринин ишмердүүлүгү талданып, баштапкы медициналык-санитардык жардам көрсөтүүдөгү калктын муктаждыгына багытталган интеграцияланган модел иштелип чыгып, практикалык медицинага ишке киргизилген.
4. **Изилдөөнүн максаты.** Баштапкы медициналык-санитардык жардамдын жеткиликтүүлүгүн, сапатын, кадрдык потенциалын, калктын оорулуулук динамикасын, калктын жана дарыгерлердин медициналык жардамды уюштурууга болгон пикирлеринин негизинде үй-бүлөлүк медицина системасын өнүктүрүүгө багытталган илимий негизделген сунуштарды иштеп чыгуу.
5. **Сунуштарды киргизүүнүн эффективдүүлүгү:** Инсандын муктаждыгына багытталган интеграцияланган моделдин алкагында 5S принциптерин колдонуу бейтаптардын күтүү убактысын кыскартууга жана каттоо бөлмөсүндөгү тартипти жакшыртууга мүмкүндүк берди. Мындан тышкары, дарыгерлердин жумуш жүгү азайып, бейтаптардын амбулатордук медициналык жардамга болгон канааттануусу жогорулап, натыйжада, ҮМБнын ишин уюштуруунун жалпы натыйжалуулугу жогорулады.

КМБИ моделинин тармактар аралык кызматташтык алкагында тобокел топтогу кош бойлуу аялдарды темир кошулмалары бар дарылар менен акысыз камсыз кылуу калктын аярлуу катмарындагы кошбойлуулардын арасында анемияны азайтты.

Орто медициналык кызматкерлердин ролун кеңейтүүгө багытталган сунушталган иш-чаралар дарыгерлердин айрым функцияларын медайымдарга өткөрүүгө мүмкүндүк берип, алардын иш жүгүн азайтты. Бул өзгөрүүлөр медайымдардын бейтаптарды өз алдынча кабыл алуу, алдын ала диагноз коюу, кеңеш берүү жана калкты окутуу сыяктуу функцияларды аткаруусун камсыздап, медициналык жардамдын жеткиликтүүлүгүн жогорулатты.

6. **Киргизүү орду жана убактысы:** Ош шаардык үй-бүлөлүк медицина борбору, 2025- жыл.
7. **Киргизүү формасы, методдору**. Уюштуруучулук-маданий интервенция (социалдык коомчулук менен өз ара аракеттенүү); Саламаттыкты сактоо кызматын интеграциялоо; Профилактикалык жана коомчулукка негизделген иш-чаралар; Ресурстарды кайра бөлүштүрүүгө жана натыйжалуулукка багытталган башкаруучулук иш-аракеттер.

***Киргизүү ишке ашкан мекеменин өкүлү:***
Ош шаардык ҮМБнын клиникалык жетекчиси: Кулмаматова М.М.

***Киргизүүгө сунуштаган мекеменин өкүлү:***
ОшМУнун илимий иштер жана инновациялар
боюнча проректору ф.м.и.к., доцент Эшаров Э.А.
04. 04. 2025 ж.